УДК:351.84 (575.2)

*Амираева Жылдызкан Сайдимаровна, окутуучу*
*zh_saidimarovna@mail.ru*
*Жусуп Баласагын атындагы КУУ*

# УЧУРДАГЫ РЕГИОНАЛДЫК СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТТЫН ӨНҮГҮҮСҮ АЙЫЛ КАЛКЫНЫН ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУУСУНУН НЕГИЗИ

# РАЗВИТИЕ РЕГИОНАЛЬНОЙ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ПОЛИТИКИ В СОВРЕМЕННЫХ УСЛОВИЯХ КАК ОСНОВА ОБЕСПЕЧЕНИЕ ЗАНЯТОСТИ НАСЕЛЕНИЯ

# DEVELOPMENT OF REGIONAL SOCIO-ECONOMIC POLICY IN MODERN CONDITIONS AS THE BASIS FOR PROVIDING EMPLOYMENT TO THE POPULATION

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасынын регионалдык структурасынын өсүү темпи каралат. Айыл чарба продукциясынын көлөмүн жогорулатууда маселелер, айыл чарба тармагын өлкөнүн экономикасындагы негизги көрсөткүчтөрдүн бири катары өнүктүрүү, сугат жерлердин түшүмдүүлүгүн заманбап ыкмаларды колдонуу аркылуу жогорулатуу.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается темп развития региональных структур Кыргызской Республики. Развитие сельского хозяйство как важнейший экономический показатель страны, проблемы и пути повышения производства сельхоз продуктов, современные методы увеличения плодородности орошаемых земель.*

***Abstract:*** *In this article, the rate of development of regional structures of the Kyrgyz Republic is considered. Development of agriculture as the most important economic indicator of the country, problems and ways to increase agricultural production, modern methods of increasing the fertility of irrigated land.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *региондордун өнүгүү темпи; айыл чарба продукциялары; жер иштетүү; эл аралык тажрыйба; мамлекеттик колдоо.*

***Ключевые слова:*** *темп роста развития регионов; сельхоз продукции; земледельчиство; международный опыт; поддержка со стороны государство.*

***Key words:*** *growth rate of regions; agricultural products; farming, international experience; support from the state.*

Кыргызстандын мамлекеттик деңгээлдеги айыл чарбасын колдоо саясаты азыркы күнгө карата экономикадагы реалдуу сектордун бардык тармактарын эске алуу менен караганда 2017-жылдын статистикалык көрсөткүчтөрүнө ылайык 1,5 эсеге өскөн. Айыл чарбасына басым жасоого зарыл болгон мамлекет катары бир катар маселелерди чечүүдө жаңылануулерды киргизүү зарыл. Учурдагы айыл чарба продукцияларынын ички рынокту толук камсыз кыла албай жатканы импорттолгон товарга көз карандылыкты ашырат. Импорттолгон продукциялар ички рынокто аз каражат талап кылып, ашыкча убарагерчиликтен арылтканы менен өндүрүштү уюштурууга мүмкүнчүлүктөр боло туруп социалдык экономикалык көйгөйлөрдү жаратат. Биринчиден, туруксуз товарга болгон баа жана токтоосуз түрдө баанын эселеп жогорулашы. Бул көрүнүш жарандардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн алсыздашына алып келет. Экинчиден, ички дүң продукциянын көрсөткүчүн төмөндөтөт.

Айыл чарбасындагы ата мекендик продукциялардын көлөмүн көбөйтүүдө бүгүнкү күндө бир нече маселелер бар. Алардын катарында сугат жерлердеги топурактагы табигый минералдардын аздыгы жана түшүмдүн төмөн болушу. Ошону менен катар, эгер жер иштетүүчү жердин азыктануусуна өзү кам көрүп каржылаган болсо, алынган

түшүмдү реализациялоо же болбосо кайра иштетүү учурунда сатылып алынган баанын төмөндүгү жана каалагандай нарк менен каалаган жерде сата албастыгы.

Жердин азыктуулугун жогорулатуу үчүн кошуна КЭРдин, Россиянын, Европа өлкөлөрүнүн тажрыйбасын: минералдык азыктардын, сугаруу ыкмаларын колдонуу керектигин жана колдонууга шарт түзүп берүү, буга чейинки традициялык жер иштетүү ыкмаларынын натыйжасыз болуп калганын билдирүү, колдонууга инновациялык ыкмаларды киргизүү зарылдыгын ЖӨАБ (жеригиликтүү өз алдынча башкаруу) органдары менен биргеликте жеткизүү зарыл.

Дагы бир актуалдуу маселе болуп ирригация маселеси. Бул маселе мамлекет үчүн масштабдуу болгондуктан өлкөнүн айрым элет жерлери үчүн чечилгис көйгөй болуп келет. Муну менен катар инновациялык ыкмалары толугу менен жеткиликтүү деңгээлде жеткизип бергенге адистердин жетишсиздиги. Бул көрсөткүч төмөндөгү таблицада көрсөтүлөт (таблица 1) [1][3].

**таблица №1**

| **Көйгөй, СКА саны** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Облустардын аталышы** | **Ирригациялык кызматтарга төлөнүүчү төлөмдөрдүн аздыгы** | **СКА ишмердүүлүгүн башкаруудагы кеңешмесинин ишмердүүлүгүнүн пассивдүүлүгү** | **Квалификациясы бар атайын адистердин жетишсиздиги** | **Зоналдык жетекчилердин ишмердүү лүгүнүн төмөндүгү** |
| Жалал-Абад обл. | 15 | 19 | 39 | 16 |
| Талас обл. | 25 | 16 | 30 | 3 |
| Баткен обл. | 8 | 13 | 18 | 12 |
| Ыссык-көл обл. | 23 | 17 | 27 | 20 |
| Нарын обл. | 24 | 15 | 28 | 25 |
| Ош обл. | 48 | 43 | 54 | 39 |
| Чүй обл. | 85 | 45 | 41 | 85 |

**Маалымат булагы: Айыл чарба жана мелиорация министрлиги, 2016 ж.**

Айыл чарба продукцияларынын учурдагы шаррта өндүрүлүшү тийиштүү секторлордо өскөнүн байкасак, кээ бир секторлор белгилүү бир себептер менен төмөндөгөн.

**Айыл чарба продукцияларынын чарбадагы жалпы категориялардан негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү (миң тонна).**

**таблица №2**

| **№** | **Аталышы** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Арпа (кайра иштелип чыккандан кийинки салмагы) | 1485,0 | 1333,8 | 1700,9 | 1327,5 | 1723,1 |
| 2 | Пахта (кайра иштелип чыккандан кийинки салмагы) | 101,3 | 84,7 | 68,6 | 69,0 | 44,1 |
| 3 | Тамеки | 9,9 | 7,4 | 6,5 | 4,4 | 1,3 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | (бир баскычтуу кайра иштелип чыккандан кийинки салмагы) | | | | | |
| 4 | Кант кызылчасы (фабричный) | 158,8 | 102,0 | 195,4 | 173,6 | 183,2 |
| 5 | Картошка | 1379,2 | 1312,7 | 1332,0 | 1320,7 | 1416,4 |
| 6 | Жашылчалар | 820,9 | 865,9 | 881,5 | 919,7 | 1052,1 |
| 7 | Эт | 191,6 | 192,3 | 193,2 | 193,3 | 204,1 |
| 8 | Сүт | 1358,1 | 1382,4 | 1408,2 | 1445,5 | 1481,1 |
| 9 | Жумуртка (млн.даана) | 391,0 | 418,0 | 422,3 | 445,8 | 432,9 |
| 10 | Жүн (физикалык салмагы) | 11,1 | 11,3 | 11,3 | 11,8 | 12,0 |

**Кыргыз Республикасын статистикалык комитетинин маалыматы. 2016 - жыл**

Жогорку таблицада белгиленгендей, пахта, тамеки жана жумуртканын өндүрүмдүүлүгү сезилерлик даражада түшүп кеткен. Пахта жана тамекинин өндүрүлүшү негизинен, Кыргызстандын түштүгүндө. Статистикалык төмөн көрсөткүчтүн келип чыгышынын себеби, даяр продукцияны жыйым учурунда  арзан баада сатуу болуп саналат. Акыркы он жылдыкта Кыргызстандын түштүгүндө өстүрүлгөн тамеки менен пахтанын чарбасында эч кандай өнүм болбогондуктан, жер иштетүүчүлөр башка түрдөгү чарба менен алектенгенге мажбур болушкан. Себеби дыйкандар үчүн айыл жеринде киреше булагы чектелүү, ошондуктан пайдалуу болгон тарапты тандоо зарыл болот. Ал эми жогорудагы өндүрүм көрсөткүчү төмөн болгон айыл чарба продукцияларынын жетиштирилишине терс таасир тийгизген бирден бир себеп сугат суусунун жетишсиздиги, кургакчлык да болуп саналат. Биринчи себеп болгон баанын төмөн  болушуна да суунун жетишсиздигинин айынан сапаты жакшы эмес продуктунун өндүрүлүшү болот. Дыйкандар эгер, заманбап ыкмаларды , азыктарды, жаңы түрлөрдү  өздөштүрсө жана буга шарт түзүлсө, экономикалык мыйзам боюнча аз чыгым менен көп пайда табуу жеңил болот. Эң алгач айыл чарба тармагындагы өндүрүштүн бардык категорияларына тиешелүү адистерди сырттан тажрыйба алууга же болбосо жаштарды агрардык тараптан жакшы өнүккөн мамлекеттердин жогорку окуу жайларында окууга шарт түзүү керек [3].

Мамлекет тарабынан айыл чарба  тармагын өнүктүрүүгө тартылган инвестициялардын 2017 - жылга чейинки көрсөткүчтөрү.

**таблица №3**

| 2017-жылга экономикалык ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүнө тартылган сырттан келген түз инвестициялар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| | **Агып кирүүсү** | | | **Агымы** | | |
| | % | | | | | |
| | АКШ доллары, миң. | Өткөн жыл | Жыйын - тык | АКШ доллары миң. | Өт-көн жыл | Жыйын-тык |
| | | | | | | |
| **Жалпы** | **590 519,5** | **72,5** | **100,0** | **496 728,5** | **250,8** | **100,0** |
| Айыл чарба, бак-дарак чарбачылыгы, балыкчылык | 21,8 | 10,3 | 0,0 | 690,6 | 516,9 | 0,1 |
| Тоо-кен жаратылыш байлыктары | 54 664,1 | 100,7 | 9,3 | 22 427,7 | 79,8 | 4,5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Өндүрүштү уюштуруу | 278 976,3 | 111,0 | 47,2 | 106 989,2 | 130,2 | 21,5 |
| Курулуш | 2 240,7 | 8,8 | 0,4 | 6167,1 | 198,2 | 1,3 |

**Кыргыз Республикасын статистикалык комитетинин маалыматы. 2016 жыл.**

Айыл чарбасы Кыргызстан калкынын жашоо турмушунун негизги булагы. Ал акыркы жылдарда эле республиканын жалпы дүң продуктусунун 40%тин айланысында жана улуттук кирешенин 30%тин айланасын түзгөн. Кыргызстанда жайыттын кенендиги жана айдоо аянтынын аздыгы айыл чарбасында мал чарба 19-кылымдан тартып мал чарба тармагынын өнүгүшүнө шарт түзгөн. 90-жылдардын башында айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмүнүн ичинен мал чарба тармагынын үлүшү 60% болгон. Дыйканчылык сугат жерлеринде өнүгүп, өндүрүштүн структурасында чектелүү үлүштү түзсө да бир кыйла интенсивдүү тармак болгон. 1990-жыл| республиканын жалпы экспортунун жарымынан көбү ушул тармакка туура келген [6].

Сыртка чыгарылган айыл чарба продукцияларынын басымдуу бөлүгү иштетилбеген түрдө же болбосо алгачкы иштетүүдөн кийин чыгарылган. 2010— 2015-жылдарда агрардык сектор экономиканын башка тармактарына караганда азыраак экономикалык кризиске дуушар болгон. Айрыкча мал чарбасында бир кыйла төмөндөгөн. 2010-2015 жылга салыштырганда бодо малдын башы 25%ке, кой, эчки 50%ке, чочко 80%ке, үй куштары 70%ке кыскарган. Республикада 2015 – жылы кой 8 миллиондон 4.5 миллионго чейин азайган. Дыйканчылыкта болсо дан эгиндеринин дүң жыйымы 40%ке, тамеки 60%ке, жашылча 35%ке кыскарган.

Каржы министирлигинин адисинин маалыматы боюнча – «2014-2016 – жылга карата мамлекеттик инвестициялардын багыты – экономикадагы негизги секторлорго жумшалган инвестициялар: - жалпы мамлекеттик инветициялардан айыл чарба – 5 млрд 777 млн 268 миң сом, транспорт – 40 млрд 266 млн 341,9 миң сом, энергетика – 34 млрд 660 млн 802,5 миң сом, саламаттыкты сактоо – 12 млрд 28 млн 557,5 миң сом, билим берүү – 21 млрд 23 млн 297,6 миң сом. Эки негизги сектор: энергетика – 36% жана транспорт – 41,5%. Кыргызстан үчүн эң активдүү кызыктар болгон инвестор-донор мамлекеттер бүгүнкү күндө – Кытай, Япония, Германия жана башка эки тараптуу келишим түзүлгөн өлкөлөр». Жалпысынан Кыргызстанда 2014-2016 – жылга карата мамлекеттик инвестициянын көлөмү 96,2 млрд сомду түзгөн [9].

Айыл чарбасын перспективдүү түрдө өнүктүрүү үчүн ар бир жылдын башында тиешелүү жактар жана дыйкандарды жер иштетүү үчүн толук түрдө камсыздоо иштерин түгөтүү керек болот. Бул иштерге, суу чарбачылыгынын объектилеринин камсыздалышын, суу ресурстарынын, ирригациялык каналдардын, айыл чарба продуцияларынын өндүрүү процессиндеги ар кандай форс-мажордук, жаратылыштагы өзгөчө кырдаалдарга, өсүмдүктөрдөгү массалык түрдөгү таралуучу эпидемияларга жана башка ушул сыяктуу күтүүсүз кырдаалдарга жараша даярдыкты камсыз кылуу зарыл, анткени айыл чарба продукцияларынын узак убакытта даяр болушу, кысталан учурларда кайра ордуна келтирүү көп чыгымды талап кылат. Башка жолу болсо жакынкы мамлекеттерден алардынн коюп берген наркы боюнча импорт кылуу.

Жер иштетүүчүлөрдү стимулдаштыруу үчүн жетиштирилген кам сырьену Кыргызстандын өзүндө кайра иштетүүгө шарт түзүү зарыл. Кайра иштетүүчү ишкердүүлүктүн түзүлүшү менен экономиканын башка тармактарында да байланыш түзүлүп, жаңы жумуш орундары, кеңейүү, өнүгүү, мамлекеттик бюджетке (салым) салык төлөө аркылуу салым кошуга болот. Экономист эксперттердин көз карашы боюнча, экономиканы өнүктүрүү жаңы иш орундарын түзмөйүнчө болбойт. Айыл чарба министирлигинин учурдагы региондордо өткөрүп жаткан жер-жерлердеги окуу-семинарлары эффекттивдүү иш чара. Бул жаатта БУУнун «Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк» программасынын негизиндеги демилгеси менен Кыргызстандагы (жүргүзүлгөн

изилдөөлөрдүн натыйжасында) социалдык-экономикалык жашоо шарты төмөн болгон айылдарда, талапка жараша чарбачылык жүргүзүүгө каржылоо бөлүнгөн. Ар бир айылда балыкчылык, мал чарбачылыгына тийиштүү болгон ирригациондук атайын суу сактагычкатарды, кол өнөрчүлүкө тийиштүү болгон чебер каналар жана чеберчиликке окутуп үйрөтүүчү курстар, билим берүү тармагында окуу-курстары (тил үйрөнүү курстары), жаратылыш кырсыктары болушу (жер көчкү) мүмкүн болгон жерлерде көчөт отургузуу, бак тигүү иш чаралары атайын белгиленген убакыт аралыгында, атайын эффективдүү түзүлгөн программалардын негизинде проектилер ишке ашырылган. Натыйжада, проектинин катышуучуларынын сабаттуулугунун жетишсиздигинен күтүлгөн натыйжа белгиленген убакытта жакшы жетишкендикке жетишип, проект жетекчилери тарабынан көзөмөлдөө иши токтотулгандан кийин ишмердүүлүк көпчүлүк жерлерде токтотулган [7].

Ошол себептүү айыл чарбасына, жалпы региондорду өнүктүрүү кадамдарын жандандырып, масштабдуу жана эл аралык тажрыйбаларды терең колдонуу мене иш чараларды токтоосуз алып баруу зарыл. Аксактуу маселе болгон адистердин жетишсиздигин жогорку окуу жайлардын сырткы мобилдүүлүгү менен ушул тармакка басым жасап чечүүгө болот. Экономиканын айыл чарба тармагына инвестициянын көлөмүн чоңойтуп, эффективдүү жумшалышын, жыйынтыгын катуу көзөмөлгө алуу керек. [8]

**Адабияттар:**


1.Ахмедова М. Р. Сущность и содержание региональной социально-экономической политики в современных условиях // Молодой ученый. — 2016. — №7. — С. 760-764. — URL

2.Убайдуллаев М.Б., Исиралилов А.А., Современное состояние и проблемы эффективного использования водных ресурсов Кыргызстана и ее влияние на уровень жизни населения. Вестник ОшГУ, №4, 2017.ISSN 1694-7452.

3.Кулуева Ч.Р. Задачи сельских трудовых ресурсов в вопросах эффективного использования земельных ресурсов в регионах Кыргызстана. Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2012 №8. -.99-104.

4.Данные министерства сельского хозяйства и мелиорации КР, 2016 г.

5.Национальный статистический комитет КР. –С-29, 2016 г.

6. Национальный статистический комитет КР. –С-38, 2016 г.

7.www.rebicon.kg

8. www.minfin.kg